ПСИХОЛОГИЯ

Г. Матазимова,
психология кафедрасынын окутуучусу

ПЕДАГОГИКАЛЫК КАРЫМ-КАТНАШ МУГАЛИМ МЕНЕН ОКУУЧУНУН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНИШҮҮ ПРОЦЕССИ КАТАРЫ

Карым-катнаш мамиленин бир формасы катары түшүндүрүлөт. Ошондой эле, карым-катнаш личносттук мамилелердин чындыкка айланышын туюндурган түшүнүк. Жашоонун мыйзам ченемдүүлүктөрүнө ылайык адам баласынын жашоосундагы зарылдыктардан улам карым-катнаш процесси келип чыгат.

Психология илиминде карым-катнаш жана иш аракет бири-бири менен тыгыз байланышта. Кандай шартта болбосун карым-катнаш иш аракет аркылуу ишке ашат. Мисалы, адамдар бири-бири менен ар түрдүү карым катнашта болуп, биргеликте иш аракет жасашат. Кээде иш аракет жана карым катнаш параллель эмес тыгыз байланыштагы процесс катары, социалдык чөйрөдөгү жашоо образынын эки жагы деп эсептешет. Демек, карым-катнаш элдердин ортосундагы байланыштын негизинде пайда болот.

Психикалык өнүгүүнүн жогорку деңгээлде калыптануусу эң негизинен карым-катнашта болуу экендигинде. Адам эч качан өзү менен өзү болбостугун, эл ичинде болу маселесине кайдыгер эместигин адам коомуна, адам мамилесине муктаждыгын психологдор эксперименте далилдешкен.

Педагогикалык мамиле социалдык-психологиялык өз ара аракеттенишүү коллективдүү түзүлүшү катары каралат. Мындай байланышты төмөнкү мамиленин түзүлүшү аркылуу бөлүп көрсөтүүгө болот.

1. Мугалимдин окуучулар менен болгон өз ара аракеттенишүүсү.
2. Мугалимдин бир окуучу аркылуу бүтүндөй класс коллектив менен болгон өз ара аракеттенишүүсү.
3. Бүтүндөй класс менен болгон өз ара аракеттенишүү.
4. Мугалимдин класс аркылуу мектеп коллективи жана ата-энелер менен башка катышуучулар менен болгон байланышы.

Бул мамилелердин түзүлүшү дайыма болуп турууччу карым-катнашта ишке ашат, орун алмашышат жана такталат. Мындай өз ара мамилелердин түзүлүүсү мугалимдин чеберчилигине жана чыгармачылыгына байланыштуу болот. Мисалы, сиз өзүңүзгө өзүңүз сырттан көз чаптырып байкап көрүңүз. Сиз дайыма эле сабакта балдар менен тыгыз мамиледе боло аласызбы?

Өзүн-өзү байкоонун төмөндөгүдөй схемасын колдонсо болот.

-Сиз сабак учурунда, кайсы бир топтун же окуучунун мамилесине чек коюп, ал эми эрксиз түрдө башкаларын байкабай калган учуруңузду анализдеп көрүңүз өзүңүздү байкап көрүңүз, сабак учурунда, сабак бүткөнгө чейин, сиз бардык катышуучуларды өзүңүздүн педагогдук көз карашыңыздын жардамында тегиз байкоого;

-Сабактан кийин ой жүгүртүп көрүңүз, бүгүн катышуучулардын кимиси менен сиздин эмоционалдуу байланышыңыз дал келишпеди;

-Анализ жүргүзүп көрүңүз, ар дайым эле сабак жүрүп жатканда, сиз башка балдар менен (бөлүнүп, өз алдынча, жалгыз жүргөн балдар менен) мамилелешүүдөн кийин, класста бүтүндөй же жалпы мамилени уюштура аласызбы;

- Сиздин сабакта балдар менен болгон психологиялык байланышыңыздын деңгээлин критикалуу түрдө баалап, бул процесстеги жетишпегендиктерди белгилеңиз.

Бул мамилелер башкача айтканда, процесстер мугалимдин мамилесинин натыйжасында карым-катнаш түзүлөөрүн көрсөтөт. Бул натыйжа педагогдун мамилесине жана катышуучулардын таанып билүү, чыгармачыл деңгээлине образдуу таасир тийгизет.

Ар бир окуучунун жана бүтүндөй класстын эмоционалдуу реакциясын туура кабыл алып жана баалай билиш керек. Макаренко: «Эмоционалдык көз карашты өнүктүрүүгө болот жана тарбиячылар үчүн өтө керек. Адамзаттын, баланын эмоциясынан анын оюн окуй билиши абзел. Анын жүрөгүндөгү ойду,эмоциясынан окуп, көрүүнүн, эч кандай кыйтырлык же жаман жери жок» деп айткан.

Кадимки мамиленин түзүлүшүндө личносттор аралык байланышта адамдар өздөрүнүн партнерлору тарабынан айтылгандарга көңүл бурбай коюшпайт. Психологияда адамдардын эмоционалдык абалы алардын интонациялары, кабагынын өзгөрүшү аркылуу жана башка көркөм кыймылдары аркылуу билдирилет.

Педагогикалык мамиледе педагогдорго жана катышуучуларга адекваттык түшүнүк өтө керек. Өзүн бала менен эмоционалдык түрдө идентификациялоо, анын ойлорун, сезимдерин туя билүү, ушунун баары адекваттык түшүнүктү туюндурат. Качан мугалим окуучунун психологиялык абалын түшүнүп анын ичине кире алса, анда бул педагогикалык жактан өтө баалуу деп эсептелинет.

Эгерде сиз, өзүңүздүн мамилеңизди жогорку деңгээлде болуусуна кам көргүңүз келсе төмөнкүлөргө көңүл буруңуз:

1. Класска өзүңүзгө ишенип, энергия, жаңы күч менен кириңиз;

2. Алгачкы карым-катнаштагы жалпы ал абалдын жандуу, жемиштүү, ишенимдүү болушу;

3. Алар менен мамиле, карым-катнаш түзүүгө өзүңүздүн даяр экениңизди ачык көрсөтүңүз;

4. Сабак мезгилинде алардын эмоцияларынын абалын жакшыртуу;

5. Мамилелешүүнүн жемиштүүлүгү;

6. Сүйлөө речи (ачык, образдуу, эмоционалдуу,- жогорку маданияттуу);

7. Мимика (энергиялуу, ачык, педагогикалык жактан бир максаттуу);

8. Пантомимика (көркөм, адекваттуу, пластикалуу образдуулук);

9. Мамилелешүүнүн жалпы мүнөзү.

Жогорудагы талаптар качан гана өзүңүздүн кесибиңизди түшүнүп, сүйүп, балдар менен мамилелешүүнү сүйсөңүз гана ишке ашат.

Педагогикалык карым-катнаштын негиздери менен терең таанышууда, өздүк мамилени анализдөөдө, мамилелешүүдөгү же карым-катнаштагы өзүн-өзу тарбиялоодо төмөндөгү профессионал-педагогдордун: Ю.П. Азаров, Л.Д.Еримов, А.Н.Леонтьевдердин салымдары чоң.

Мамилелешүү областындагы профессионалдуу түрдөөзүн-өзү тарбиялоо мекемеси төмөнкү шарттардын аткарылышын талап кылат: сабакка болгон токтоо мамиле, дайыма өзүнө жүргүзүлүүчү критикалык анализ, өзүнүнүстүнөн жүргүзүлгөн систематикалык индивидуалдык иш-аракет, партнерлорунун жумушуна көңүлүнүн коюлушу. Өзүңүздүн коллективиңизди да бул иш менен кызыктырууга аракет жасаңыз.

Көнүгүүлөрдүн системасы педагогикалык мамилени үйрөнүү багыты боюнча өзүнө эки циклди камтыйт.

1. Педагогикалык коммуникациянын элементтерин үйрөнүү боюнча практикалык багыттагы көнүгүүлөр жана коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрдүн өнүгүүсү.

2. Берилген педагогикалык ситуациядан мамиленин бардык системасын үйрөнүү көнүгүүсү.

Тренинг жемиштүү болуу үчүн, өзүңдүн күч аракетиңди бир нече мугалимдин күч аракети менен бириктирүү пайдалуу. Жаш педагогдор үчүн, алардын педагогикалык мамилесин өнүктүрүүдө мектептер аралык кружок же семинарларды уюштуруу максатка ылайык. Мугалимдердин коллективи сунуш кылынган программа менен иштөөдө сөзсүз тажрыйбалуу педагогдордун карамагында болуусу зарыл. Ошондуктан тренинг өткөрүүдө төмөндөгүлөрдү эске алуу керек.

Класстагы эмоционалдык ийгиликтерге жетишүү.

Сиз класска кирердин алдын өзүңүздү бут бойдон эркин сезип, жаңы күч менен кириңиз . Класска киргенден кийин өзүңүзгө оңтойлуу, орунду издеңиз да ал жерге орношуңуз. Эч нерсе жолтоо болбойбу? Керектүү нерселер менен алектениңиз классты аралап ыңгайлуу темпте басыңыз.

Байкоонун жана көңүл буруунун өнүгүүсү.

Булүчүн өзүңүздүн коллективиңиздеги бир адам менен педагогдун ролун аткарып сүйлөшүп көрүңүз. Ушул учурда темадагы негизги сөздөргөкөңүл бөлүңүз.

Сиз класска кирдиңиз, ал эми сиздин көңүл бурууңуз чаржайыт болуп кетти, аларды «круг» боюнча топтоп алыңыз: кайсыл бир окуучуга көңүл буруңуз- бул «кичине круг», андан кийин катышуучулардын группасына көңүл буруңуз- бул көңүл буруунун «орточо кругу» .

Андан кийин бүтүндөй класска көңүл буруп- көңүл буруунун «чоң кругун» уюштурсаңыз болот. Качан сиз көңүл буруунун кеңейип баратканын байкаганыңызда, баарын башынан кайталаңыз. Бул көнүгүү көңүл буруунун бара-бара карым-катнаштын натыйжалуулугуна алып келет. Карым-катнаштагы жөнөкөй көнүгүүлөрдүн өнүгүүсү.

Класска кирип окуучулар менен саламдашкан соң, кептик мамилесиз эле өзүңүзгө көңүл бурууга аракет жасаңыз: мимика, пантомимика жана эмоционалдык көз карашыңыз аркылуу. Окуучуларга ар кандай сунуш, талап, эскертүү, мактоо, юмор, суроо, буйрук, каалоо иретинде кайрылыңыз. Күтүлбөгөн ситуациядан чыгып кетүүгө даяр болуңуз.

Карым-катнаш системасын так жана бөлүп көрсөтүү.

Сиз менен конфликтте болгон класска киргенде, мамилелешүүнүн туура жолун табыңыз.

А.А.Леонтьев мындай сунуштарды киргизет: Сүйлөшүү мезгилинде сүйлөшүп жаткан адамдын көзүнө карабоого аракеттениңиз. Сүйлөшүүнүн кайсыл учурунда анын көзүнө карап сүйлөөнү билиңиз.

Вариант: Дайыма сүйлөшүп жаткан адамдын көзүнө карап, көңүл буруу, же качан сиз каалап, карагыңыз келгенде гана кароо зарыл.

Сөзсүз эле сиздин тааныштарыңыздын арасында жагымсыз жана көңүлүңүзгө туура келбеген адамдар бар. Ар бир класста эле мугалимдин көңүлүнө жагымдуу жана ошону менен бирге жагымсыз окуучулар болору да айкын.

Алүчүн эрте эле сүйлөшүүгө бир теманы тандап алып, жолукканыңызда сиз биринчи болуп сөз баштоого аракеттениңиз.

Карым-катнаш процессии уюштуруу.

Обьекти тандоо, өзүнө көңүл бурдуруу, өздүк вербалдуу мамиле жана кайтарылуучу байланыш – бул стадиялар акырындык менен болот, анан темпи өсөт; кепке чейин жана кептен кийинки болуп мамилелешүүнүн башка стадиялары иштелип чыгат.

Кепке чейинки жана кептик карым-катнаш. (Сабак учурунда ишке ашат)

Класска кирип, класска жана окуучуларга бир сыйра көз чаптырып; классты өзүңүзгө көңүл бурдуруп; мамилелешүүнүн атмосферасы кандай болоорун эскесалыңыз, ар бирин мамилелешүүгө даярдап жаткандай түр көргөзүп класска дагы бир көз жүгүртүңүз. Анан өзүңүздүн кептик таасириңизди баштасаңыз болот.

Класска киргенде мимикалык жана пантомимикалык жөндөмүңүз аркылуу балдар менен эмоционалдык байланыш түзүңүз. Сабак учурунда классты эстеңиз; сиздин алар менен болгон мамилеңиздин түзүлүшү, кээ бир окуучулар менен болгон өз ара мамиленин өзгөчөлүгү.

Педагогикалык карым-катнаштагы жекече өзгөчөлүктүн жаралышы.

Кайсы бир коллегаңыз менен башка бир мектептеги силер тааныбаган мугалимдин сабагына катышыңыз. Анан бири-бириңерден көз карандысыз түрдө ошол мугалимдин жүрүм-түрүмүн, мамилесин сабакта мүнөздөп бергиле. Төмөндөгү схема боюнча:

а) өз каалоосу менен өзүн жандуу кармайт

б) Инициативдуу, өзүнүн оюн көркөм айтып жеткире албайт. Катышуучулардын жүрүм-туруму эркин, каршы пикир айткандарды жек көрсөтөт, өзүнүн эркин манералары көрүнүп турат, окуучуларын дайым катуу контролдо кармайт.

в) Ачык, өзүнүн оюн так айткандан коркпойт, өзүнүн кемчилдиктерин көрсөтөт, бир гана жасалга жөнүндө ойлойт, кандай болсо да өзүнүн социалдык ролун кармоого аракет кылат.

г) Мамилеге курч жана чечкиндүү пайда болгон проблемаларды жеңил эле чечет, курч эмес проблемаларды жана конфликттерди биле албайт.

д) Өзүн окуучулар менен сылык мамиледе кое алат, проблема жана конфликттерди окуучулар менен бирдикте чечет, сүйлөп жаткан окуучунун оюн бөлүшөт, аны туура түшүнөт.

з) Активдүү, дайыма мамиле түзөт, классты дайыма пассивдүү тонуста кармайт, өз алдынча мамилелешүүгө уруксат берет.

Беш балдуу система менен мугалимдин жүрүм-турумун, мамилесин баалаңыз. Өзүңүздүн койгон бааңыз менен сиздин коллегаңыз койгон бааны салыштырыңыз. Анан экөөңүздөр биргелешип, ошол мугалимдин айткан сөздөрүнө, жасаган иштерине анализ жүргүзүңүз.

Ошондуктан карым -катнаш өзүнчө белгилүү бир максатты көздөп инсандар аралык мамилелерди камсыз кылат. Педагогикалык психологияда карым-катнаш өзүнчө бөлүм катары изилденип, анын негизги максатын, проблемаларын, функцияларын, структурасын изилдөө бүгүнкү күндө да актуалдуу проблемалардын бири.

Азыркы мезгилде мугалимдер менен окуучулардын ортосундагы карым-катнаш, чоң адамдар менен балдардын ортосундагыдай эле байкалаарлык татаал жана чыңалууда болуп калды.Бул маселени азыркы күндө басма сөз дагы далилдөөдө. Турмуштун өз алдыга таштагандай, педагогикалык эриш-аркактык идеасы талашсыз, бирок ар бир мугалим аны өзүнүн ишинде ишке ашырышы дайыма эле жеңил эмес. Мектепте иштеп жаткан кызматкерлерге педагогдорго, педагогикалык кызматташтыкка, эриш-аркактыкка үгүттөөнүн кереги жок, аны ишке ашырууда гана жардам керек.

Келтирилген карым-катнаштагы кыйынчылыктар, көбүнчө бир муундун созулушунда азыртан эле ушунчалык коомду күчтүүөзгөртө баштады. Улуулардын тажрыйбасынын жыйынтыгы кийинки муундар үчун өзүнүн актуалдуулугун жогото баштаган мезгил. Бул көрүнүштөнчыгуунун бирден бир жолу чоң адамдар өзүнө карата өзүнүнөзгөрүүсүнүн негизине ээ болуу менен жападан жалгыз баалуулук катары эсептелген өзү топтогон тажрыйбасына тиешелеш болбостугунда турат.

Адабияттар

1. Вопросы педагогии и психологии //Под.ред. В.М.Соковина -М., 1975.
2. Зимняя И.А. Педагогическая психология. - М., 2000.
3. СлабодчиковВ.И., ИсаевЕ.И. Психология человека. - М., 1995.
4. Макарснко А.С. Соч. - М., 1958 Т.5.
5. Паустовский К.С. Соч. – М., 1968 Т.2. 1979.
6. Леонтьев А.А. Педагогическое общение. - М., 1979.